«Мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүүдө үй-бүлөлүк тарбиялоонун таасирлеринин педагогикалык негиздери калыптандыруу» аттуу темадагы 13.00.01- жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигн боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Абдракунова Жылдыз Сатарованын жазган диссертациялык изилдөөсүнө

## РЛСМИЙ ПИКИР

**Диссертациялык изилдоонун темасынын актуалдуулугу.** Азыркы кездеги Кыргызстанды 2040-жылга чейин өнүктүрүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары, эл чарба-сынын бардык тармактарына инновациялык технологиялардын, эмгекти уюштуруунун алгылыктуу формаларынын жана санариптештирүүнүн кеңири колдонулушу өз кезегинде квалификациялуу кесип ээлерине болгон мук-таждыктарды жаратууда. Мына ушул маселени чечүүдө мектеп бүтүрүүчүлөрүн өзүнүн кызыгуусун,шыгын, жөндөмүн жана коомдун керектөөлөрүн эске алуу менен аң сезимдүү, кесип тандоого даярдоонун ролу өсүүдө. Бүгүнкү күндө мектеп бүтүрүүчүлөрүн кесип тандоого даярдоо маселеси негизинен мугалимдерге гана жүктөлүп калгандыгы байкалууда. Анткени, мурдагы мектептер менен тызыгыз байланышта иштеген базалык ишканалардын жоюлушу, кесипке багыт берүүчү борборлордун бардык жердс болбошу жана алардын толук кандуу жардам бере албагандыгы, ата-энелердин бул иштен четтеп калган. Өзгөчө ата-энелердин бардыгы балдарынын кесип тандап алышына жардам бере албагандыг ачык байкалууда. Бул **биринчиден,** Кыргыз Республикасынын базар эконоикасына отүшү, социалдык-экономикалык реформанын шарттарында көпчүлүк үй-бүлөлөрдөгү материалдык, психологиялык кыйынчылыктар **тарбиялоодо** проблемаларды жаратууда. Азыркы кездеги жашоонун ритми, **үй-бүлөдөгү** чыр-чатактар, ата-энелердин алыскы жана жакынкы өлкөлөргө миграцияланышы, алардын бош убактыларынын азайышы, балдар менен биргелешкен иш-аракетин, эс



КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 53 «12» 12 2021 ж/г
Окуш. катча: НДтк

алуусун формалдаштырып, бири-бирине көңүл буруунун жетишсиздигин пайда кылды. Бул сөзсүз түрдө ата-энелердин балдарды тарбиялоодон, кесиптик багыт берүү маселелерин чечүүгө жардам берүүдөн четтеп калуусуна алып келди. Мындан сырткары ата-энелердин кесипке багыт берүү маселеси боюнча даярдыгынын жетишсиздиги проблеманы жаратып, алардын тарбия берүүдөгү кадыр-баркын төмөндөтөт. Мына ушуга байланыштуу Кыргьпстанды 2040-жылга чейин өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттарында, Кыргыз Республикасында кабыл алынган окуучуларга кесиптик багыт берүүнүн концепциясында (2016-ж.) жана өлкөбүздүн билим берүү системасын модернизациялоого багытталган стратегиялык документтерде, Кыргыз Республикасы-нын Президентинин «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» деп аталган жарлыгында (29.01.2021-ж.) үй-бүлөлүк баалуулуктарга ылайык кесиптик багыт берүү керектиги баса белгиленген.

2. Изилдөөнүн жүрүшүндө изденүүчү мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүүдө үй-бүлөлүк тарбиялоонун таасиринин педагогикалык негиздерин теориялык жактан аныктоо жана аларды экспериментте текшерүүнү максат кылган. Коюлган максатка жетүү үчүн төмөндөгү милдеттерди кылып алган: мектеп бүтүрүүчүлө- рүнө кесиптик багыт берүүдо үй-бүлөлүк тарбиялоонун таасирлеринин педагогикалык негизин аныктоо жана жана аларды экспериментте текшерүү, үй-бүлө тарбиясынын таасиринин потенциалдык мүмкүнчүлүгүн, критерий-лерин, деңгээлин , үй-бүлө тарбиясынын таасирин арттыруунун теориялык моделин, педагогикалык шарттарын аныктоо жана экспериментте текшерүү, практикалык сунуштарды иштеп чыгууну.

Диссертациялык иш үч баптан турат. Биринчи бап «Мектеп бүтүрүүчү-лөрүнө кесиптик багыт берүүдо үй-бүлөлүк тарбиялоонун таасиринин теориялык негиздери» деп аталып, изилдөөнүн биринчи милдети каралган. Кыргызстандын социалдык саясатынын маанилүү багыттарынын бири мектеп бүтүрүүчүсүн кесип тандап алууга даярдоо болуп саналат. Кесипке багыт

берүү  бул жалпы адамзаттык маданияттын компонентинин жалпыланган түшүнүгү, өсүп келе жаткан жат муундардын  табигый жөндөмүн, мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүп, эмгек рыногунун керектөөсүн эске алып, алардын кесиптик өзүн аныктоосуна багытталган  атайын чараларды өткөрүүнүн комплекси деп көрсөткөн. Социалдык-педагогикалык иш аракеттин түрү катары мектеп бүтүрүүчүсүнө кесипке багыт берүүнү- өзгөчө мааниге ээ болгон «кесиптик өзүн аныктоо» түшүнүгү менен  тыгыз байланышта чечүү керектиги белгиленген.

Мектеп бүтүрүүчүлөрү үчүн кесип тандоо  маанилүү мезгил болгондук-тан, өзүн-өзү рефлексиялоосу, өзүнүн индивидуумун  аңдап билүүсү, жеке турмушун курууга максатынын болушу, ар түрдүү турмуштук чөйрөдөгү кызыгууларынын, мотивдеринин өнүгүшү негизги багыт болуп саналат. Алар-дын ой жүгүртүүсү инсандык, эмоционалдык мүнөздөмөгө, максаттуу жүрүш-турушка ээ болуп, жеке дүйнө таанымынын элементтеринин жана баалуу-лук-тарынын туруктуу системасы пайда болот. Мектеп бүтүрүүчүсүнүн кесип тандоосунун өз алдынчалыгы, өзүнө ишенгендиги, эмоционалдык жактан туруктуулугу,  мамиле түзө билүүсү, дүйнөгө  көз  караштары боюнча позициясынын болушу, сын коз менен карай билиши,  чечкиндүүдүгү, кон-куренция шартында лидерликке ыкташы, кеңири маалыматтарынын болушу, өзүнө жана башкаларга талап коё билгендиги ж.б.у.с. сапаттар мааниге ээ болот. Бирок, азыркы кездеги социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн, ааламдаштыруу  процессинин шарттарында  алардын  кесиптик планы так эмес, аморфтуу,  кыялкечтик мүнөздө болуп, өзүлөрүн эмоционалдык  жактан өзүнө тарткан кесиптин ролунда элестетишип, мотивдештирилген кесипти тандоого келе алышпай, кыйынчылыктарга  кабылгандыктарын  практика көрсөтүүдө.

Демек, мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүүнүн максаты -- өз алдынча, өзүнүн  өнүгүүсүнүн перспективасын  пландаштыруу, корректиров-калоо жана аны ишке ашыра билүү даярдыгын калыптандыруу. Ал эми анын милдети  алардын  негизделген баалуулуктарын калыптандыруу, дүйнө тааны-

мын өнүктүрүү менен байланышта кесиптик өзүн аныктоосун камсыз кылуу болуп саналат. Мектеп бүтүрүүчүсүнүн кесиптик өзүн аныктоосу кесиптик билим жана даярдык алуунун жолун аң сезимдүү тандоодо маанилүү болуп саналат.

Изилдөөчү КРнын мектептеринде топтолгон тажрыйбаларды үйрөнүү, жүргүзгөн изилдөөлөрүнүн негизинде мектеп бүтүрүүчүсүнүн кесип тандоосунда таасир тийгизген обьективдүү жана субьективдүү факторлорду тактап, аларды окуучуларга кесиптик багыт берүүдө эске алуунун зарылдыгын аныктаган. Ошолордун ичинен үй-бүлөнүн кесипке багыт берүүчү иш аракетин өзгөчө фактор катары каралган Үй-бүлө иш аракеттин субьектиси катары таасир этүүнүн **обьектисине** жакын болушу, мектеп бүтүрүүчүсүнүн кесиптик жана инсан катары калыптанышынын маанилүү шартын жана чөйрөсүн жарата алган, максаты жана милдети бар социалдык институт болуп саналат. Уй бүло өзүнүн жашоо образы, баалуулук багытталышы, моралдык-психологиялык климаты, эмгекке болгон мамилеси ж.б. жагдайлары менен мектеп бүтүрүүчүсүнүн кесип тандоосуна таасир тийгизе тургандыгын ачып көрсөтүлгөн.

Теориялык булактарды, мектептеринде, Кыргызстандыктардын үй-бүлөсүндө топтолгон тажрыйбаларды талдоонун жана изилдөөнүн натыйжаларына таянуу менен каралып жаткан проблеманын педагогикалык негиздери аныкталган.

Экинчи бап «Мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүүдө үй-бүлолүк **тарбиялоонун** таасиринин изилдөөнүн методдору жана материалдары» деп аталып изилдөөнүн экинчи милдети чечилген. Мектеп бүтүрүчүсүнүн кесип тандап алуу маселесин изилдөө коомдогу социалдык-экономикалык өзгөрүүлор, Кыргызстандын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кошулуусунун шартындагы билим берүү системасын модернизациялоо ж.б. жагдайларды эске алуу менен изилдөонүн максатына жана милдетине ылайык методологиялык негиз аныкталып жана методдордун комплекси колдонулган:

Мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн көпчүлүгү кесип тандоосун шык-жөндөмүнө, коомдогу кадыр-баркына, эмгек акысына жараша, конкреттүү кесипти эмес, билим алуунун багыты (гуманитардак, техникалык, социалдык-экономика-лык), материалдык пайда табуу менен байланыштыра тургандыктары белгиленген. Изилдөөнүн жүрүшүндө мектеп бүтүрүүчү-сүнүн кесип тандоосуна үй-бүлөнүн абалына жараша анын таасир этүүсүн төрт негизги багыттары каралган.

Изилдөөнүн жүрүшүндө ар бир үй-бүлөнүн кесипке багыт берүүчүлүк потенциалга ээ боло тургандыгын жана анын калыптанышынын обьектив-дүү жана субьективдүү факторлору аныкталган. Автор үй- бүлөнүн кесип-тик багыт берүүчү потенциалы -- бул мектеп бүтүрүүчүсүнүн кызыгуусуна, жөндөмүнө, шыгына ылайык, форма, методдорду жана кара-жаттарды пайдаланып, дайыма мектеп менен байланышта болуп, алардын ийгиликтүү кесип тандап алуусуна таасир этүүгө мүмкүнчүлүктөрүнүн интегралдык жыйындысы деп эсептейт.

Мектеп бүтүрүүчүсүнүн туура кесип тандап алышы ата-энелердин мектеп бүтүрүүчүсүнө кесиптик багыт берүүгө даярдыгы -- алардын ички абалы, окуучуларга ийгиликтүү кесип тандоосун колдоого, натыйжалуу, сабаттуу жардам берүүгө болгон мүмкүнчүлүгү менен байланышта кароо менен, изилдоөчү алардын даярдыгынын мотивациялык, когнитивдик, иш аракеттик, баалоочу-жыйынтыктоочу компоненттерин, анын критерийлерин жана деңгээлдерин аныктай алган.

Изилдөөчү үй-бүлө тарбиясынын таасирин жогорулатуунун төмөн-дөгүдөй педагогикалык шарттарын аныктаган: 1. Ата-энелерди балдарына кесиптик багыт берүү ишине теориялык, практикалык жана психологиялык жактан даярдоо. 2. Ата-энелердин КРнын эл чарбасынын тармактары, коомдогу өзгөрүүлөрдүн шартындагы кесиптер, аларга коюлган талаптар жөнүндө маалыматтарга ээ кылуу; 3. Ата-энелерди балдарынын ден соолугу, кызыгуусу, шык-жөндөмү, жеке сапаттары ж.б.у.с маселелер боюнча маалыматтарга ээ кылуу; 4. Ата-энелердин балдары менен

мамилелешүүсүнүн маданиятын калыптандыруу жана мектептеги кесиптик багыт берүү ишине катышуусун активдештирүү. 5. Ата-энелерди балдарына кесиптик багыт берүү ишине даярдоонун моделин түзүү жана пайдалануу.

Мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүүгө мамиле кылуунун багыттарынын негизинде методоогиялык, максаттык, мазмундук-процес-суал-ык, баалоочу-жыйынтыктоочу, натыйжалык блоктордон турган «Үй бүлөнүн мектеп бүтүрүүчүсүнүн кесип тандоосуна таасир этүүсүнүн» моделин иштеп чыккан. Модель үй-бүлө тарбиясынын мектеп бүтүрүү-чүсүнүн кесип тандоосуна таасир этүүсүнүн негизги компоненттерин, мазмунун, технологиясын, критерийлерин, деңгээлдерин жана алынуучу натыйжаны көрсөтөт.

Үчүнчү бап «Мектеп **бүтүрүүчүлөрүнө** кесиптик багыт **берүүдө үй-бүлөлүк гарбиянын гаасирин** аныктоо **боюнча педагогикалык экспер-мент жана анын жыйынтыктары»** деп аталып, изилдөөнүн үчүнчү милдетти каралган. Педагогикалык эксперименттин натыйжалары ата-энелердин кесиптик багыт берүүгө даярдыгы, үй-бүлөдөгү тарбия мектеп бүтүрүүчүсүнүн кесиптик өзүн аныктоосуна жардам бере тургандыгы далилденди

3. **Изилдөөнүн жүрүшүндө изденүүчү негизги милдеттерди чечип жана илимий натыйжаларды алган**. Изилдөөчү коомдогу социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шарттарында мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүүдө үй-бүлөлүк тарбиялоонун таасирлеринин педаго-гикалык негизин белгилөө жана анын маңызын, үй-бүло тарбиясынын таа-сиринин потенциалдык мүмкүнчүлүгүн, критерийлерин, деңгээлин аныктоо; үй-бүло тарбиясынын таасирлерин арттыруунун теориялык моделин, педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу жана экспериментте текшерип, практикалык сунуштарды аныктоону өзүнүн негизги милдеттери катары караган. Изилдөөнүн жүрүшүндө мектеп бүтүрүүчүлорүнө кесиптик багыт берүүдө үй-бүлөнүн социалдык-педагогикалык институт катары функциясы аныкталып, «Үй-бүлө тарбиясы-нын кесиптик багыт берүүдөгү потенциалы»,

«ата-эненин кесиптик багыт берүүгө даярдыгы» деп аталган такталган түшүнүктөр жана үй-бүлө тарбиясынын натыйжалуулугун арттыруунун алгылыктуу форма, методдору ачыкталган. Үй-бүлө тарбиясынын мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүүдөгү таасирин арттырууга багытталган максаттык, мазмундук, технологиялык, иш-аракеттик жана натыйжалык блоктордон турган теориялык модели даярдалып жана аны ишке ашыруунун технологиясы, педагогикалык шарттары такталган. Изилдөөнүн жүрүшүндө теориялык моделдин жана педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун аныктоого багытталган эксперименттин жыйынтыктарынын негизинде практикалык сунуштар иштелип чыккан..

Изилдөөнүн жыйынтыктары ар кандай деңгээлдеги жыйындарда, конференцияларда, семинарларда талкууланып жактырылган жана тиешелүү басылмаларда жарыяланып турган. Диссертациялык иште алынган жаңы илимий натыйжалар мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүү ишин илимий-методикалык жана ишке ашыруунун технологиясын өркүндөтүүдө

3. **Изилдөөнүн** теориялык **жыйынтыктарынын баалуулугу.**

Мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүүдө үй-бүлө тарбиясынын таасирлеринин маңызы жана анын педагогикалык негиздери теориялык жактан ачыкталгандыгында; - мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүүдө "үй-бүлө тарбиясынын кесиптик багыт берүүдөгү потенциалы" түшүнүгү такталып, анын критерийлери, деңгээли жана анын натыйжалуулугун арттыруунун теориялык модели аныкталып, илимий педагогикалык шарттары такталып, экспериментте текшерилип тастыкталгандыгында, практикалык сунуштардын берилгендигинде.

4. **Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү**: алынган жыйынтыктар мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүүдөгү үй-бүло тарбиясынын таасирин өркүндөтүүгө негиз болот; аныкталган педагогикалык шарттар, теориялык модель мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүүдөгү үй-бүло тарбиясынын таасирдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүндүк берет; изилдөөнүн материалдары мектеп мугалимдерине, педагогикалык окуу жайлардын оку-туу-

чуларына, студенттерине, ата-энелерге сунушталат. Изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталган технологиялар мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн кесип тандоосуна оң таасир тийгизген.

5. **Изилдөөнүн жыйынтыктарынын аныктыгы жана далилдүүлүгү төмөндөгүлөр менен негизделет:** Алынган натыйжалар илимий жактан терең талдоонун негизинде тастыкталган. Изилдееде сунушталган педагогикалык шарттар жана иштелип чыккан теориялык модели, окутуу процесинде натыйжалуулугу педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары менен тастыкталган. Эксперименттин жыйынтыктарын иштетууде жана талдоодо тиешелуу статистикалык критерий колдонулуп, бул критерийдин керсеткучу алынган натыйжалардын ишенимдуулугун толук тастыктап турат. Мындан тышкары, натыйжалардын далилдуулугун, аныктыгын маселеге тиешелуу кенири илимий адабияттардын объективдуу анализи жана ар кандай децгээлдеги жыйындарда, конференцияларда, семинарларда талкууланып жактырылган жана тиешелуу басылмаларда жарыяланып турган.

6. **Изилдөөчүнүн жеке салымы:** алгачкы жолу изилденип жаткан теманын теориялык жактан негизделип, жогорку окуу жайында айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандыруунун теориядагы жана практикадагы абалы, педагогикалык шарттары, критерийлери, теориялык моделин тузуу автор озу ишке ашырган. Алынган корутундулар, практикалык сунуштар теориялык жана методологиялык жоболор турундо белгиленген, алар изденуучунун педагогика илимине кошкон жеке салымын көрсөтөт.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Азыркы мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесип-тик багыт берүүдо үй-бүлө тарбиясынын таасирин арттыруунун педагогикалык негизи ачып көрсөтүлдү; үй-бүлөнүн мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүүчү социалдык-педагогикалык чойро катары каралышы; үй-бүло-нүн кесиптик багыт берүүчү теориялык модели, «үй-бүлө тарбиясынын ке-

сиптик багыт берүүдөгү потенциалы», жана «ата-энелердин кесиптик багыт берүүгө даярдыгы» деген түшүнүктөр аныкталды; изилдөөнүн негизинде «Ата-энелерге кесиптик багыт берүү жөнүндө» деп аталган усулдук колдонмо иштелип чыгып, практикага сунушталды. Алынган корутундулар, практикалык сунуштар теориялык жана методологиялык жоболор турундо белгиленген, алар изденуучунун педагогика илимине кошкон жеке салымын корсотот.

**7. Изилдөөнүн жыйынтыктары.** Жарыяланган эмгектер негизинен изилдөөнүн багытына туура келет, изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандын жогорку окуу жайларында, алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдө өткөрүлгөн илимий-практикалык конференцияларда апробацияланган. Изилдөөнүн темасына байланышкан 15 илимий макала эл аралык жана республикалык илимий басылмаларда жарыяланган.

**8 Диссертациянын пракгикалык натыйжаларын пайдалануу боюнча сунуштар.** Изилдөөнүн натыйжаларын жана жыйынтыктарын пайдалануу боюнча *төмөндөгүдөй* ***пракгикалык, илимий-методикалык*** сунуштар берилген: мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн кесипти тандоосуна үй-бүлө тарбиясынын таасирин жогорулатуу үчүн изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталган педагогика-лык шарттарды, теориялык моделди чыгармачылык менен практикада колдонууну, ата-энелерди кесиптик багыт берүү ишине даярдоо үчүн мектептерде атайын максаттуу багытталган курстарды уюштурууну, республикабыздын алдыңкы үй-бүлөлөрүндө кесиптик багыт берүү боюнча топтолгон тажрыйбаларды чыгармчылык менен пайдаланууну. педагогикалык окуу жайларда келечектеги мугалимдерди үй-бүлөдө кесиптик багыт берүүнүн негиздери боюнча даярдоону.

9. Диссертациянын **мазмуну** менен **авторефераттын мазмунунун шайкештиги.** Авторефераттын мазмуну диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаты менен милдеттерине дал келет. Авторефератын резюмеси кыргыз, орус, англис тилдеринде бирдей мааниге ээ.

**10. Диссертациянын мазмунундагы жана жазылышындагы мүчүлүштүктөр**. Диссертацияда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен бирге айрым бир кемчиликтер орун алган. 1. Диссертацияда кыргыз этнопедагогикасынын маселелерине дагы көңүл бөлсө изилдөөнүн баалуулугу мындан дагы жогору болмок. 2. Эксперименталдык иштин натыйжаларын кененирээк чечмелесе бир жакшы болмок. 3. Диссертация-лык иште стилистикалык мүчүлүштүктөр жана техникалык каталар бар. Бирок, жогоруда корсотүлгөн кемчиликтер диссертациянын жалпы мүнөзүн түздөн-түз өзгөртпөйт жана анын баалуулугун төмөндөтпөйт.

**11. Эмгектин Кыргыз Республикасынын «Илимий даражаларды ыйгаруунун тартиби боюнча жобонун» талаптарына туура келиши.** Абдракунова Жылдыз Сатарованын «Мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүүдө үй-бүлөлүк тарбиялоонун таасирлеринин педагогикалык негиздери» аттуу темадагы изилдөөсү Кыргыз Республикасынын ЖАКтын кандидаттык даражаны изденип алуу үчүн жазылуучу диссертацияга коюлган талаптарга туура келет, ал эми изилдөөнүн автору 13.00.01- жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болууга татыктуу

Расмий оппонент

педагогика илимдеринин доктору,

доцент. Сманбаев Ө.А.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ